КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
№10КАДЫРКУЛ АБДРАЗАКОВ
АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ БИЛИМ
БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
Ноокен району Сакалды а/о
Ш. Мусажанов көчөсү 31.
kadyrkul.abdyrazakov10 @ mail.ru
ИНН:02509200310441. Код ОКПО: 22453624

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА № 10 ИМЕНИ
КАДЫРКУЛА АБДРАЗАКОВА
Ноокенский район Сакалдинский с/с
ул. Ш. Мусажанова № 31
kadyrkul.abdyrazakov10 @ mail.ru
ИНН:02509200310441. Код ОКПО: 22453624

27.02.2020-ж. Сакалды айылы

2020-жыл "Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо" жылынын алкагында "Жаш өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулук, зордук зомбулук, укук бузууларды болтурбоо жана алдын алуу" максатында өткөрүлүүчү ата-энелер жыйналышынын

ПРОТОКОЛУ

Катышуучулар:
Мектептеги мугалимдер жамааты-28
Ата-энелер-171

**Чакырылган коноктор:**

1. Ноокен райондук билим берүү бөлүмүнүн өкүлү Каримова Анарбү
2. Ноокен райондук ИИБнүн ӨИБнүн башчысы Төрөканов Эрнис
3. Ноокен райондук ички иштер бөлүмүнүн өкүлү Айдарбеков Жыргалбек
4. Сакалды аймактык ооруканасынан Эсеналиева Гулбарчын
5. Сакалды айыл/аймактык соц.адиси Тилебалдиева С.М.
6. №10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинин ата-энелер комитетинин төрагасы Мырзалиев Саипжан

Күн тартиби:

1. №10 К.Абдразаков атындагы жалпы билим берүү мектебинде тарбияланып жаткан мыйзам менен чатагы бар б.а.катоого алынган окуучулар менен алып барылып жаткан иштер жөнүндө.(оргонизатор Г.М.Орозалиева)
2. Өспүрүмдөрдүн катышуусу менен болгон кылмыштар, алардын мыйзам алдындагы жоопкерчиликтери жана кылмыштан кийинки өкүнүчтөр.(ИДН кызматкери Айдарбеков Ж.А)
3. Жаш өспүрүмдөр арасында болуп жаткан терс көрүнүштөр. (соц.педагог М.М.Хасанова)
4. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо коомчулуктун,ата-эненин жоопкерчиликтери жөнүндө.(ата-энелер С.Мырзалиев)

*1-маселе боюнча:* Угулду организатор Г.М.Орозалиева

1–Мектептеги тарбияланып жаткан мыйзам менен чатагы бар б.а.каттоого алынган окуучулар менен алып барылып жаткан иштер жөнүндө доклад окуду

-Ата-энелерге видеоролик көрсөтүү аркылуу суроо-жооп берүү талкуусун уюштуруп,алардын ой пикирлери угузулду.

*2-маселе боюнча:* Угулду: ИДН кызматкери Айдарбеков Ж.А

- Ата-энелерге балдарына кайдыгер мамиле жасабоону сунуштоо менен бирге Бүргөндү айыл аймагындагы жашы жете элек кызды зордуктоо боюнча жана жаш окуучу баланын атасы 280 сомго алып берген китебин жоготуп алып, аны таап келмейинче үйгө кирбегин деп, атасы тарабынан куугунтукталгандыгы жана баланын өз башымча башы оогон тарапка жол салып кетип калгандыгы жөнүндө айтуу менен бирге, ата-энелерди балдарыңыздарга дос болууңуздар керек деген сунушун айтты.

*3-маселе боюнча*: Угулду:соцпедагог М.М.Хасанова

-Жаш өспүрүмдөр арасында болуп жаткан терс көрүнүштөр жөнүндө докладын окуду

- "Үй-бүлө баланы тарбиялоодогу эң негизги-булак" деген темада ата-энелерге сабак берүү максатында кыска метраждуу видео роликтерди көргөздү жана алардын үстүнөн талкуу жүргүзүлдү.

-Мектептеги тарбияланып жаткан 9-10-11-жогорку класстын окуучуларынан үйдөгү ата-эненин ролу жөнүндөгү анкета алынганда,анын жыйынтыгында көп балдар ата-эненин кароосуна,мээримине муктаж экендиги баяндалгандыгын белгилеп кетти.

*4-маселе боюнча*: ата-энелер комитети С.Мырзалиев

-Ислам шариятында да , ар бир балага ата-эне тарабынан буруу керек экендигин тастыктоо менен бирге, балдар биздин келечегибиз деген сөзү менен жыйынтыктады.Ошондой эле ата-энелерге окуучулардын мектепке телефон алып келбөсүн, телефондун терс таасирлери жөнүндө айтып, көзөмөлгө алуусун суранды.

Аймактык оорукаанын медайымы Эсеналиева Гулбарчын коронавирус боюнча ата-энелерге маалымат берип сактануу жолдорун айтты.

Жарыш сөзгө чыккандар: Ата-энелерден Хасанова Замира

-Чындыгында азыркы учурда балдардын үй-бүлөдө көзөмөлгө алынбай жаткандыгы жөнүндө ой-пикирин айтып ,ата-энелерге балдары менен бирге ой бөлүшүп, аларга болгон мамилелерин күчөтүүнү сунуштады.Телефонго тыюу салуу керек экендигин белгилеп өттү.

Ата-энелерден Маткалыкова Савлат

-Айылда түнү балдарды көп жолуктурам. Себепсиз эле чогулуп, уламдан-улам сөз талашып чыр чыгаргандарына көп күбө болом. Ошол себептен ИДН кызматкерлери тарабынан түнкү рейдди уюштурууну суранам.

Соц адис: Тилебалдиева Санталат

-Чет өлкөгө чыгып бара жаткан ата-энелерге шарттуу түрдө баласын таштап кетип жаткан адамга "Камкорчу"- деген документти толтуруп ,камкорчуга толугу менен документтештирип таштап кетүүлөрүн талап кылды.

Сакалды айылдык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун мед айымы Эсеналиева Гулбарчын учурдагы сенсация болуп жаткан коронавирус жугуштуу оорусу боюнча жүргүзүлүүчү профилактикалык иштер боюнча маалымат берип санитардык гигиенага көңүл бурууну суранды

Жогорудагы маселелрди карап чыгып, талкуулап ата-энелер чогулушу

## Токтом кылат

1. Мектептин кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча аткарылган иштери канааттандыраарлык деп табылсын,класс жетекчилердин окуучуларга болгон көзөмөлү күчөтүлсүн.

2. Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш чараларды уюштурууда ИДН кызматкерлери менен бирдикте класс жетекчилер тыгыз байланышта болуусу милдеттендирилсин

3. Балдардын бош убактыларын туура пайдалануу, телефонду мектепте колдонууга тыюу салуу, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш жүргүзүү ата-энелерге, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

4. Учурдагы дүйнөнү дүңгүрөткөн коронавирус илдетине каршы ата-энелер арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн. Окуучулардын ден-соолугун көзөмөлдөө, профилактикалык иштерди жүргүзүү класс жетекчилерге жанан ата-энелерге, мектептин медайымы Касымбекова Аселге милдеттендирилсин.

5.Балдардын өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу жана ден соолугун сактоо, үйдө балдарга көзөмөл жүргүзүү ,түнү көчөгө чыгарбоо ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мектептин организатору Г.Орозалиевага жана соц.педагогу М .Хасановага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Токтогулова У.А

Катчы: Миңбаева К